КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ
БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН
БУДАЛЫКСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ

БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН 7 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКСИЗ 18 ЗАСЕДАНИЕСИНИН

**ТОКТОМУ**

2023-жылдын 27-сентябры № 18/1 Кайнама айылы

**Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Алай районунун Будалык жана Гүлчө айыл аймактарында административдик-аймактык реформаны жүргүзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы ПЖ №350 «Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө» Жарлыгын жетекчиликке алып, Ош облусунун Алай районунун Будалык айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Ош облусунун Алай районунун Будалык жана Будалык айыл аймактарында административдик-аймактык реформаны жүргүзүү жактырылсын.

2.Будалык, Гүлчө айыл аймактарын бириктирип, Гүлчө айылын административдик борбор деп аныктоо менен Гүлчө айыл аймагы деп аталсын.

3.Ош облусунун Алай районунун Будалык жана Гүлчө айыл аймактарында административдик-аймактык реформаны жүргүзүү боюнча уюштуруу чаралары көрүлсүн, финансылык камсыздоо жана ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилсин.

4.Бул токтом расмий Bydaluk kg сайтына жарыялансын.

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө регламент боюнча бардык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Арапбай уулу Улан**